**Пресс-релиз**
**Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы эсептик чен өлчөмүн 5,00 пайызга чейин төмөндөттү**

Улуттук банк Башкармасы 2016-жылдын 26-декабрында эсептик чен өлчөмүн 50 базистик пунктка, 5,00 пайызга чейин төмөндөттү. Чечим 2016-жылдын 27-декабрынан тартып күчүнө кирет.

Баанын жалпы деңгээли төмөнкү чекте сакталып калууда. Жылдын декабрь айында (16-сына карата) керектөө баа индекси жылдык туюндурууда 1,1 пайызга төмөндөгөн. Инфляцияны азык-түлүк багыты боюнча түзүүчүлөр төмөндөө арымын басаңдаткан, ал эми азык-түлүктөн башка түзүүчүлөр 4,0 пайызга чейин төмөндөгөн.

Кыргыз Республикасында экономикалык жигердүүлүктүн жандануусу байкалууда: 2016-жылдын январь-ноябрь айларында айкын ички дүң өнүм 3,2 пайызга өскөн. “Кумтөр” алтын кенин казып алуу ишканалардагы өндүрүш көрсөткүчтөрүн эске албаганда, экономиканын айкын өсүш арымы январь-ноябрь айларынын жыйынтыгы боюнча 3,3 пайыз деңгээлинде катталган. Экономиканын бардык негизги секторлорунда алгылыктуу өсүш арымы орун алып жаткандыгы байкалууда.

Ички валюта рыногундагы жагдай туруктуу. Жыл башынан бери (23-декабрына карата) сом 8,5 пайызга бекемделген. Валюта интервенциялары алмашуу курсунун кыска мөөнөттүк өзгөрүүсүн текшилөө максатында гана ишке ашырылууда. 2016-жыл ичинде эсептик чен өлчөмүн төмөндөтүү жагында Улуттук банктын пайыздык саясаты экономиканын реалдуу секторуна дем берүү жагында көрүлгөн чараларга колдоо көрсөткөн. Ишке ашырылып жаткан акча-кредит саясатынын натыйжалары банктар аралык кредит рыногундагы улуттук валютадагы чендердин төмөндөп жатышынан да көрүнүүдө.

Жыл жыйынтыгы боюнча инфляция көрсөткүчү Улуттук банктын болжолдоолоруна ылайык нөлдүк мааниге жакын болуу менен жакынкы айлар ичинде төмөнкү чекте сакталат. Баа динамикасына болжолдоолорду эске алуу менен Улуттук банк Башкармасы эсептик чен өлчөмүн төмөндөтүүнү максатка ылайыктуу деп эсептөө менен тышкы таасирлер орун албаган шартта акча-кредит саясатынын учурда түптөлгөн багытын андан ары улантууга ниеттенүүдө.

Улуттук банк ички жана тышкы факторлордун инфляцияга тийгизген таасирине туруктуу негизде баа берип туруу аркылуу акча-кредит саясатынын чараларын өз учурунда ыңгайына жараша колдонууну улантат.

*Маалымат үчүн:*

Улуттук банк Башкармасынын эсептик чен өлчөмүн кароого алган кийинки отуруму 2017-жылдын 27-февралына болжолдонууда.